**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЛДЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ ЖАНА Б. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ - ОРУС СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда УДК:316. 356.2*

**ТҮМӨНБАЕВА ГҮЛҮМКАН БАЙЫШОВНА**

# ЗАМАНБАП ШААРДЫК ҮЙ-БҮЛӨНҮН СОЦИАЛДЫК КӨЙГӨЙЛӨРҮ (Түштүк Кыргызстандын Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя шаарларынын мисалында)

**Адистиги: 22.00.04 –** социалдык структура, социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек – 2018

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин философия жана саясат таануу кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору, социология илимдеринин профессору **Исаев Кусеин**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, социология илимдеринин профессору **Нурова Саида Сулеймановна**

социология илимдеринин кандидаты, доцент **Шайдуллаева Топчүгүл Жолдошевна**

**Жетектөөчү уюм:** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин социология жана социалдык иштер кафедрасы, Бишкек ш. Фрунзе көчөсү, 547

Коргоо “25 ” майда 2018-жылы саат. 14.00 өтөт

Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик башкаруу Академиясынын жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин социология жана саясат таануу илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо **Д 23.17.559** Диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт. Дареги: Бишкек ш, :Панфилова көчөсү, 237

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик башкаруу Академиясынын илимий китепканасынан жана http://www.apap.kg/ сайтынан таанышса болот. Дареги: Бишкек ш, :Панфилова көчөсү, 237, 1 корпус

Автореферат “____” _____________ 2018-ж.таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы

саясий илимдеринин кандидаты, доцент: **Абдыраманова Ч.Ш.**

## ЖУМУШТУН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Азыркы коомдо өтүп жаткан кардиналдык өзгөрүүлөр, табигый нерсе катары, үй-бүлөнүн структарасы менен функциясына таасирин тийгизет. Ошондуктан, үй-бүлө институтун бекемдөө проблемасы коомду трансформациялоо мезгилинде биздин өлкөдө актуалдуу мааниге ээ. Мисалы, статистикалык маалыматтар боюнча, ажырашуу деңгээли Кыргызстандын үй-бүлөлөрүндө 1990-жылы - 14.5%, 1995-жылы – 13.1%, 2000-жылы – 15.8%, ал эми 2015-ж. - 17% ды түзгөн. Бул үй-бүлө "түзүүнүн" деңгээли жылдан жылга алардын "бузулуу" деңгээлине караганда алдыга өсүү темпи кооптуу абалды жаратат. Демек, буга караганда өзүнүн өтө тез чечилүүсүн талап кылган актуалдуу маселелердин төмөндөгүдөй кенен чөйрөсү келип чыгат: азыркы этапта шаардык үй-бүлө кризисинин деңгээли канчалык жана андан чыгуу жолдору барбы? Үй-бүлөнүн жашоо ишмердиги жана ага алардын таасири үчүн кайсы социалдык проблемалар негизги болот? Үй-бүлөлүк жашоо циклинин аралыгында эрди-катындын мамилелери кандай түзүлөт, өзгөчө XXI - кылымда, жана кантип бул мамилелер балалуу болуу, алардын саны, никени сактап калуу же бузуу чечимдерине таасир этет? Үй-бүлөлүк окуялардын тиги же бул багыттарын аныктаган кандайдыр бир мыйзам ченемдүүлүктөр барбы же жокпу? Ушундай мыйзам ченемдүүлүктөргө таасир эткен, үй-бүлөлүк өзгөрүүлөрдүн тенденцияларын алмаштырууга коомдун мүмкүнчүлүгү канчалык? Бүгүн үч бирдиктүү чекитти – балдарды, ата-энени, коомду бириктирген үй-бүлөлүк коломто канчалык туруктуу?

Ошондуктан жогоруда коюлган маселелерге илимий негиздүү жоопторду табууга, ошондой эле шаардык үй-бүлөлөрдүн социалдык проблемаларынын натыйжалуу жолдорун аныктоого багытталган конкреттүү - социологиялык изилдөөлөр мамлекет жана коомчулук тарабынан үй-бүлө институтун бекемдөө максатында социалдык шарттарды жакшыртуу процесстерин пландоо үчүн анык социологиялык маалымат менен жабдууга туура келет.

**Изилдөөнүн максаты:** коомду трансформациялоо процессинде азыркы шаардык үй-бүлөнүн негизги проблемаларын ачып көрсөтүү жана алардын чечүү жолдорун практикада негиздөө.

Жогоруда белгиленген изилдөө максатына жетишүү төмөнкү **маселелерди** чечүү менен камсыздалат:

● социалдык институт катары үй-бүлөнүн аракет кылуу жана өнүгүү теориясын жана практикасын талдоо;

● шаардык үй-бүлөлөрдүн тиричилик аракетин таанууда теориялык-методикалык жолдорун аныктоо;

● азыркы шарттардагы шаардык үй-бүлөлөрдүн социалдык проблемаларын аныктоо;

● кээ бир социалдык проблемаларды жеңүү үчүн уюштуруу-башкаруучулук чечүүнүн жаңы формаларын жана методдорун сунуштоо, алардын натыйжалуулугун практикада текшерүү;

● турмуштун шаардык үрп-адат шарттарында үй-бүлөлүк мамилелерди бекемдөө үчүн практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Илимий жаңылыгы:** биринчи жолу Кыргыз Республикасында үй-бүлө социалдык институт катары:

- бир жагынан, анын тиричилик аракетинин социалдык шарттарынын системалык-комплекстик негизде изилденет, ал башка жагынан – материалдык, психологиялык, турмуштук жана башка факторлордун үй-бүлөдөгү өз ара мамилелердин деңгээлине таасири;

- базар экономикасынын шарттарында коомдун трансформация мезгилиндеги азыркы шаардык үй-бүлө кризисинин спецификасы аныкталган;

- үй-бүлөнүн аракет кылуусу жана өнүгүүсүнүн коомдун азыркы этабында, анын ичинен жаш үй-бүлөлөрдүн шаардык турмуш шарттарына "адаптация" мезгилинин негизги тенденциялары аныкталаган;

- ички үй-бүлөлүк мамилелерде аракеттин кээ бир “механизмдери” ачып көрсөтүлгөн.

**Диссертация темасынын илимий программалар менен байланышы:** Изилдөө Ош мамлекеттик университетинин 1990-2016-жылдардагы илимий-изилдөө иштеринин планынын алкагында аткарылган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү:** шаардык үй-бүлөнүн азыркы абалы жөнүндөгү маалыматтарды жана билимдерди кеңейтүүдө; аны бекемдөө проблемаларында; анын баалуулуктарын жаңылоо жана өнүктүрүүдө; шаар турмушунун шарттарында жаш үй-бүлөлөрдү курчаган чындыкка жана бири бирине ачып көрсөтүлгөн “адаптация” мезгили, аны жетектөө биздин өлкөдө мамлекеттик үй-бүлө саясатынын калытануусунун негизги принциптерин иштеп чыгууда, анын идеологиясын аныктоодо, ошонун ичинде “Жаңы доорго 40 кадам” мамлекеттик Программасын ишке ашырууда натыйжасын жогорулаткандыгы.

Диссертациянын материалдары үй-бүлөнү пландоодо, демографиялык алдын ала айтууну түзүүдө, гендердик саясат боюнча атайын курстарды үй-бүлө жана үй-бүлөлүк өз ара мамилелердин программаларын иштеп чыгууда, социология, үй-бүлө социологиясы, социалдык психология, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, жогорку окуу жайларда педагогиканы окутууда, ошондой эле мектеп билим берүүсүндө жана социалдык иштер практикасында пайдаланылышы мүмкүн.

Изилдөөдө алынган теориялык жана эмпирикалык иштеп чыгуулар жаштарды никеге даярдоодо мамлекеттик программаны ишке ашырууда оң ролун ойноосу мүмкүн. Бул никеге кирип жаткан жаш жубайларга үй-бүлөдө сергек адепдик - психологиялык климатты түзүү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда жакшы өз ара мамилелерди калыптандыруу, жубайлар ортосунда мамиле кылуу маданиятынын жогорку деңгээлин колдоо, үй-бүлөлүк карама-каршылыкты чечүүнүн натыйжалуу усулдарын окутуу, чыр-чатактан чыгуу боюнча жардам берет.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү** үй-бүлөнүн өзүн сактоону түшүнүүсү менен аныкталат, ага анын эмгектик ишмердик фактысынын болуусу олуттуу таасир кылат, демек, үй-бүлө мүчөлөрүн, коомдо өндүрүштүк-экономикалык күчтүн бирдиги катарында анын амандыгын карап көрүү.

**Коргоого коюлуп жаткан диссертациянын негизги жоболору изилдөөдөн алынган төмөнкү жыйынтыктары менен аныкталат:**

1.Коомдук трансформация мезгилинде, эгер биздин өлкөдө шаардык шарттарда үй-бүлө түзүү процесси жылдан жылга “арифметикалык жактан” көбөйсө, анда анын ажырашуулары – “геометрикалык” прогрессияда. Бул социологиялык маалымат мамлекет менен коомчулуктун ушул проблеманы жеңүүдө болгон татаал жагдайды түшүнүү жана иш жүзүндө тезинен аракет кылуу үчүн архимаанилүү мааниге ээ болот.

2.Базар экономикасынын бутуна туруу мезгилинде (көптөгөн, эн ириде, социалдык-экономикалык, турмуш-тиричилик жана башка проблемалардын айынан) мамлекет үй-бүлөнүн көптөгөн социалдык проблемаларын натыйжалуу чечкенге жетиштүү ресурстарга ээ эместиги анын муктаждыгына жеткишсиз баамдоо позициясында мыйзам ченемдүү кала берет. Ошондуктан, үй-бүлө институту “өзүн өзү багууга” багыт алып, демек, коомдо муундардын экзистенционалдык калыбына келтирүүгө багыт алат.

3. Үй-бүлөнүн кризисин жеңүү же, жок дегенде, жеңилдетүүнүн жолунун бири, практикада адамдын жүрүм-турумунун позитивдик мотивин калыптандыруу үчүн анын турмуштун шаардык шарттарына жана жубайлардын бири бирине “адаптация” мезгилинде “мааалымат-билим берүү”, “стимуляциялык”, “регулятивдик-текшерүү” жана “уюштуруу-башкаруу” механизмдерине негизделген үй-бүлөгө таасир этүүчү биз тараптан сунушталган рекомендациялар.

**Изденүүчүнүн жекече салымы** изилденүүчү проблеманы чечүүдө ишти өз алдынча аткаруусунда турат. Изилдөө процесси социалдык эксперимент менен аныкталган, аны талдоонун негизинде практикалык сунуштар иштелип чыккан илимий жыйынтыктар алынган.

**Диссертациянын жыйынтыгынын апробациясы:**
Изилдөө жыйынтыктары финансы-юридикалык колледждин Жалпы билим берүүчү дисциплиналар жана коомдук илимдер кафедрасынын отурумдарында, Ош мамлекеттик университетинин Философия жана саясат таануу кафедрасында талкууланган.
Диссертациянын айрым аспектилери Кыргызстанда (ОшМУ, ОшКУУ), жана чет өлкөдө Россия (Москва-МПГУ жана Чебоксары ш. Чуваш мамуниверситетинде) өткөрүлгөн регионалдык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда талкууланган.

**Диссертация жыйынтыктарын чагылдыруунун жарыкка чыгуу толуктуулугу.** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары 17 макала, анын ичинде Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунушталган атайын илимий журналдарда жарык көргөн.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациянын структурасы киришүүдөн, үч главадан, 8 параграфтан, жыйынтыктан, практикалык сунуштардан, пайдаланган булактар жана тиркемелерден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө коргоого коюлган изилдөө темасынын актуалдуулугу, максаты, милдети, илимий жаңылыгы, иштин практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү, жоболору, изилдөө жыйынтыктарын апробациясы жана практикага жайылтууга негизделген сунуштар берилет.

Биринчи глава **“Шаарды жана үй-бүлөнү социологиялык изилдөөнүн илимий-теориялык-усулдук негиздери**” деп аталып, ал эки параграфтан турат. Анда азыркы шаардык үй-бүлөнүн негизги социалдык проблемалары талданат.

Биринчи главанын **“Алгачкы документтерге социологиялык анализ жана азыркы үй-бүлөнүн социалдык негизги маселелерин аныктоо” аттуу** биринчи параграфында үй-бүлө институтуна шаардык үрп-адаттын таасири контекстиндеги окумуштуулардын эмгектери талдануу менен ар кандай факторлор эске алынып, коомдун негизги социалдык проблемалары аныкталат: адамдын өзүнүн турмуш тиричилиги анын жашаган жерине көз карандылыгы, кандай социалдык шарттарда ишке ашырыла тургандыгы (көлөмү боюнча ири, орто, кичи шаарларда; өнүгүү спецификасы боюнча өнөр жайлык, финансылык, маалыматттык, чек аралык, климаттык жана географиялык, аймактык белгилери боюнча), ал кайсы социалдык проблемаларда анализденип, алар, табигый нерсе, социалдык институт катары үй-бүлөнүн натыйжалуу иш алып баруусуна олуттуу таасирин тийгизгендиги (М. Вебер, Г.Зиммель, Р. Парк, Л. Вирт, Ж. П. Сартр, Н.П. Анциферов, А.В.Баранов, В.О.Руковишников, А.Д.Хлопин ж.б.) менен айырмаланаары белгиленет.

Жогоруда көрсөтүлгөн окумуштуулардын эмгектери шаарды изилдөөнүн божомолдонгон негизги методологиялык принциптерин аныктоого мүмкүнчүлүк берет:
- шаарды изилдөө коомдун элементи жана орундаштыруу системасы катарында;
- шаардын ички структурасын изилдөө, аны подсистемаларга бөлүү;
- системалык көрүнүш катарында шаардын өзгөрүү, өнүгүү жана аракет кылуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө. Кыргызстандагы шаарлардын кээ бир социологиялык аспекттерин эске алып мүнөздөлөт: экономикалык, демографиялык, финансылык, маданий ж.б.

Биринчи главанын **“Үй-бүлө социологиялык илимде социалдык институт катарында”** аттуу экинчи параграфында тарыхый планда философтордун **(**Платон, Аристотель**,** Плутарх, И. Я. Бахофен, Дж. Мак-Леннан, Дж. Леббок, Морган, Ф.Энгельс ж.б.) жана социологдордун **(**Огюст Конт, Давид Эмиль Дюркгейм**,** П. А.Сорокин, Д. Берто и И. Берто-Вьям ж.б.) эмгектеринде үй-бүлөнүн социалдык функциясы жана маңызы, А. Г. Харчев, С.И. Голод, А.И. Антоновдордо үй-бүлөнүн социологиялык теориясынын концептуалдык түзүлүшү катары каралат.

Коомдун социомаданий феномени жана негизги социалдаштыруу фактору катарында үй-бүлөгө көз карашын окумуштуулар А. И. Антонов, В. М. Медков, И. В. Бестужев-Лада, А. Г. Вишневский, Н.М. Римашевская Л. И. Савинов, Н.Д. Шимин, М. С. Мацковский, В. А. Сысенко, И.С. Кон Е. М. Черняк ж.б. фундаменталдык эмгектеринде үй-бүлө анын турмуш тиричилигинин ар түрдүү аспекттеринин реалдуу формаларынын көз карашынан изилденет: анын эволюциясы, ал тараптан аткарылган социалдык функциялар, анын типтери, башка коомдук институттар менен структурасы жана мамилелери, ички үй-бүлө чыр-чатактары жана муундар аралык мамилелери, шаар жана айылдык үй-бүлөнүн спецификалык өзгөчөлүктөрү, улуттар аралык никелер, фамилистикалык изилдөөлөрдүн проблемасы жана методологиялары талкууланат.

Үй-бүлө мамилелеринин методологиялык маселелери, үй-бүлө жана коом, улут жана үй-бүлө, класс жана үй-бүлөнүн өз ара аракеттик проблемалары окумуштуулар З. А. Янков, И. А. Герасимов, Л. И. Савинов, А. Г. Волков, В.В. Бойко, И. Ф. Дементьева, Т. А. Гурко, Ю. А. Гаспарян, Л. М. Панков ж.б. эмгектеринде изилденген.

Олуттуу маани ата мекендик окумуштуулардын эмгектерин талдоого берилип, Кыргызстандын материалында өткөрүлгөн үй-бүлө маселелерин изилдөөлөргө: А. И. Нарынбаев, А. Д. Джумагулов, Р. А. Ачылова, О. К. Козубаев, К. И. Асанова, О. Козубеков, Т. А. Аттокуров, А. И. Исмаилов, С. И. Каракеева, Э. И. Исмаилова, А. Р. Рахманова, К. А. Ажибекова, С. С. Нурова, М.М. Эдилова, К. Исаев, Т. Шайдуллаева, Т. Б. Омурбеков, Али Унал ж.б. эмгектери салым кошкондугу көрсөтүлгөн. Бул эмгектерде негизинен үй-бүлөдөгү социалдык проблемаларды социалдык институт катары тарыхый ракурста карашкандыгы жана заманбап шарттардан чыгуунун жолдору азырынча бүдөмүк болгон үй-бүлөнүн кризистик абалы жаткандыгы белгиленет. Үй-бүлө кризиси – өз мезгилинин күзгүсү, нравалык үрп-адаттарда чагылышы катары өзүнүн негизги функцияларын улам начар ишке ашырып, анын структурасын өзгөртүп, жубайлардын турмушун, балдарды төрөө жана тарбиялоо, калкты жана жумуш күчүн кайта өндүрүүнү, уюштурууну чагылдырылгандыгы белгиленет.

Экинчи **“Методология, методика, методдор жана изилдөөнү уюштуруу”** главасы өзүнө үч параграфты камтыйт, иште пайдаланган негизги түшүнүктөр аныкталат, изилдөөнүн обьекти жана предметине мүнөздөмө берилүү менен төмөндөгүгө алып келген иштин жалпы багытынын логикасы камтылат.

Базар экономикасы коомдук трансформация мезгилинде, мамлекет жетиштүү материалдык-финансылык ж.б. ресурстарга ээ болбогондугуна байланыштуу, шаардык үй-бүлөлөрдүн социалдык проблемаларын натыйжалуу чечүүгө болбой жатат. Ошондуктан, үй-бүлө турмушунун аманчылыгы адамдын каалаган (үй-бүлөлүк) жүрүм-турумунун деңгээлинде калыптандырууга зарыл болгон үй-бүлө мүчөлөрүнүн социалдык активдүүлүгүнө көз карандылыгы “үй-бүлө аралык” социалдык проблемаларды чечүүгө көбүнчө байланыштуулугу көрсөтүлөт.

Эгер шаарларда ажырашкан үй-бүлөлөрдүн көпчүлүк бөлүгүн биздин өлкөнүн айылдык региондорунан келген жашоочулар түзөөрүн эске алсак, анда үй-бүлөлөр көбүнчө шаардын жашоо образына адаптация кыла албаганынан улам бузулат деп божомолдоого болот.

Буга байланыштуу шаар шарттарында айыл жашоочуларынын адаптация болуу проблемасы Момов А.Г. сунуштаган социализациялоо “механизминин” негизинде изилденди:

- “маалымат-билим берүүчү механизм” – социалдык институттардын калк тарабынан (үй-бүлөлөр тарабынан) зарыл маалыматты жайылтуу жана үйрөнүү боюнча уюштурулган жана адистештирилген ишмердиги;
- “стимуляцияланган механизм” – үй-бүлөлөрдүн материалдык жана рухий стимулдаштыруунун форма, метод жана каражаттар системасы алардын социалдык активдүүлүгүн калыптандыруу максатында;

- “регулятивдик-текшерүүчү механизм” – үй-бүлөнүн жүрүм-турумун социалдык керектүү алкакта колдоо масатында социалдык эталондордун негизинде (жүрүм-турум нормалары жана үлгүлөрү) текшерүү-жөнгө салуучу таасирлердин ар кандай түрлөрү (эскертүүчү, буюруучу, баалоочу, санкциялоочу ж.б.у.с.).
- “уюштуруу-жөнгө салуу механизми” – үй-бүлө ишмердигинин уюштуруу формалары, алардын коллектив жана коомдогу укуктарын, милдеттерин жана полномочиелерин аныктаган коомдук ордунан жана аткарылган социалдык функцияларынан көз карандылыкта.

Шаар шарттарында жашаган айылдык үй-бүлөлөрдү социализациялоо процессинин өзү төмөнкү факторлордун тилкесинде талданат:

- стихиялык (адамга социалдык чөйрөнүн спонтандык таасирлери (мисалы, региондун социалдык-экономикалык абалы сыяктуу социалдык шарттар, транспорт ж.б.у.с.);
- түшүнүп, максаттуу багытта уюштурулган (мисалы, социалдык институттар);
- жаңы социалдык тажрыйбаны өздөштүрүү боюнча индивиддин жеке актвдүүлүгү катары

Жогорудагы иштин алкагында И.П. Яковлевдин функционалисттик концепциясы кеңири колдонулат, анда ал үч социалдык тип аркылуу адамдын коомдук жана жеке кызыкчылыктарынын өзгөчөлүктөрүн эске алган үй-бүлөлүк функциялардын аткарылуусу көрсөтүлөт. И.П. Яковлевдин концепциясынын негизиги тезистери 2.1. таблицасында каралган.

**Таблица 2.1.**

**Үй-бүлө функциясы үй-бүлөнүн ар түрдүү социалдык типтеринде**

(И.П. Яковлев боюнча)

| **Үй-бүлө функциясы** | **Үй-бүлөнүн социалдык типтери** | | |
|---|---|---|---|
| | **Коомдук** | **Аралык** | **Индивидуалистикалык** |
| **Балдардын төрөлүүсү** | Коомдук нормаларга ориентациялоо (мисалы, саны боюнча – 2-3 бала) | Коомдук жана жекелик тең салмаксыз (көп балалуу же баласыз) | Жеке кызыкчылыкка ориентация (аз балалуулар) |
| **Балдарды тарбиялоо** | Коомчулуктун, жекеликтин алдында приоритеттүү-лүгү (“ата мекен уулдарын” тарбиялоодо, коомго кызмат кылууда) | Приоритеттердин аралашуусу (ал да, бул да) | Жекеликтин, коомдун алдындагы приоритеттүүлүгү (индивидуализм менен эгоизм алдында) |
| **Экономикалык** | Айлык акыга, стипендияга, пенсияга ж.б. жашоо | Айлык акы жана башка киреше формалары (натуралдык жана акчалай) | Кирешеге ориентация, анын ичинде терс кирешелер |
| **Саясий** | Коомду башкарууда жетектөөчү ой-максаттар | Децентрализация-нын авторитаризмдик көрүнүштөрү | Негизги киреше алуучу тараптан артыкча авторитардык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | чагылдырат (артыкча демократиялык башкаруу) | менен аралашмасы | |
| **Акыл-ой - маданий** | Коомдук проблема жана нормаларга, массалык маданиятка кызыгуу | Коомдук жана группалык табиттин эклектикалык аралашмасы | Бизнес, саясаттын жеке-группалык проблемаларына, элитардык маданиятка кызыгуу |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, үй-бүлөнүн дээрлик бардык функцияларын аткаруу ар түрдүү типте ар тараптуу.

Экинчи главанын **“Шаардык үй-бүлөнүн социалдык проблемаларын изилдөөнүн концептуалдык базасы катары үй-бүлөнүн социалдык маңызы жана функциясы”** аттуу биринчи параграфында азыркы шаардык үй-бүлөнүн социалдык проблемалары төмөнкү негизде изилденет:

- Талкот Парсонстун “структуралык-функционалдык” теориясынын коомдун социалдык-демографиялык группалары катары шаардык үй-бүлөлөрдү түшүнүү, үй-бүлөлүк мамилелердин аманчылыгын жөнгө салуучу негизги факторлорду классификациялоо. Бул теория жубайлардын мамилелеринин өз ара аракеттик проблемалары эмпирикалык (алгачкы) маалыматты алууга мүмкүнчүлүк берет;
- Ч. Миллс жана П. Штомпктун “ишмердүүлүк-активисттик” теориясы эксперименталдык негизде аларды практикага жайылтуу жыйынтыгында ачылган жубайлардын мамилелерин стабилизациялоого багытталган, биз тараптан сунушталган уюштуруу-башкаруучулук форма жана методдорун чечүүнүн натыйжалуулугун изилдөө үчүн “Ишмердүүлүк-активисттик” теориясы таануунун предметин динамикада изилдөөгө мүмкүндүк берет, б.а. – өнүгүүдө, ал эми “структуралык-функционалдык” теория – статикада, б.а. – “бир моментте”. Табигый нерсе, “ишмердүүлүк-активисттик” теориясы изилденип жаткан социалдык көрүнүштүн жаңы тажрыйбасын табууга мүмкүнчүлүк берет жана алдыда турган социалдык проблемаларды чечүүгө багытталат.

Алгачкы социологиялык маалыматты талдоонун эмпирикалык деңгээли: 1) азыркы үй-бүлөнүн негизги проблемаларын; 2) үй-бүлө институтунун “жалпы” социалдык проблемаларын чечүүдө мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүн; 3) шаардык үй-бүлөлөрдүн “жеке” приоритеттүү социалдык проблемаларын, турмуш тиричилигин; 4) келечекте үй-бүлөлүк мамилелердин амандыгынын деңгээлине олуттуу таасир эткен жубайлар мамилелеринин “адаптация” мезгилин аныктоого багытталган.

Азыркы коомдо кездешүүчү үй-бүлөлүк проблемаларды жойууда сунушталган уюштуруу-башкаруучулук чечимдердин формалары жана методдору үй-бүлөлүк баалуулуктарды бекемдөөгө багытталган күн сайын конкреттүү социалдык аракеттерди ишке ашыруунун негизинде үй-бүлө мүчөлөрүнүн жүрүм-турумунун мотивин калыптандырууга багытталган.

Буга байланыштуу шаар шарттарында үй-бүлөнүн социализация проблемаларын изилдөөнүн методологиялык принциптери анын жүрүм-турум мотивинин калыптануусунун социалдык процессин качан гана төмөндөгүдөй түшүнгөндө камсыз болот:

1. Бардык программалык, концептуалдык, уюштуруу-методикалык жана башка иштердин борборунда конкреттүү адамдын кызыкчылыктары, мүдөөлөрү жана керектөөлөрү берилгенде, качан үй-бүлө (жубайлар) сферасында адамдын жүрүм-турумунун зарыл мотиви камсыз болсо, ошондо бул үй-бүлө жеке өнүгүүнүн натыйжалуу формасын алат;
2. Мамлекеттик жана коомдук структуралар болсо аларга таасирдин жогоруда көрсөтүлгөн “механизмдеринин” негизинде практикада үй-бүлөлөр жүрүм-турум

мотивинин зарыл деңгээлин жана багытталуусун өнүктүрүү үчүн зарыл социалдык шарттарды камсыз кылып берүүсү зарыл (нормативдик-укук актылары, уюштуруу-башкаруучулук чечимдер ж.б.).

Азыркы үй-бүлөнүн конкреттүү проблемаларын изилдөө методологиялык маселелерди аныктап алууну талап кылат: 1) жашоонун шаардык шарттарында азыркы үй-бүлөнүн жүрүм-туруму кандай; 2) анын структурасын жана аракет кылуусун социалдык кубулуш катары көрсөтүү; 3) социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына жетишүү жолдорун жана каражаттарын аныктоо; 4) алынган жыйынтыктарды практикада текшерүү, б.а. социалдык реалдуулукту "конструкциялоо".

Ошондуктан, социалдык институт катары үй-бүлөнү изилдөө үч тегиздикте түшүндүрүлөт: 1) структуралык (составдык компоненттер, түзүлүшү жана алардын өз ара байланышы); 2) динамикалык (пайда болуусу, бутка турушу, өнүгүүсү жана кайра өзгөртүү); 3) жүрүм-турумдук (аракет кылуу).

Демек, үй-бүлөдө жубайлык мамилелер үч деңгээлди эске алып каралуусу керек: 1) биологиялык (адамзаттын уруусунун генетикалык улануусу); 2) социалдык-жеке (анын курчаган чындыктын нормативдик талаптарына дал келүүнүн акыл-эс, нравалык аспекти, б.а. болгон социалдык шарттарга адаптация түрү катары); 3) социалдык-коомдук (коомдун талаптарын канааттандырууга умтулуу).

Үй-бүлөнү изилдөөнүн жогоруда көрсөтүлгөн деңгээлдеринин өз ара байланышында социалдык институт катары кароо анын биологиялык жана социологиялык башталыштарынын биримдиги жөнүндө маселенин социологиялык талдоосу үчүн негиз болот.

Экинчи бөлүмдүн **"Изилдөө методдору. Эмпирикалык маалыматтарды талдоо жана жалпылоо"** аттуу экинчи параграфында изилдөөнүн методдоруна тиешеси бар бир катар маселелер каралган:

-фундаменталдык жана социологиялык, тарыхый, философиялык, педагогикалык, психологиялык ж.б. адистештирилген илимдерди изилдөөнүн негизинде – изилдөөнүн методологиясын, методикасын жана методдорун иштеп чыгуу;

-ар түрдүү илимий дисциплиналар боюнча мурда аткарылган изилдөө иштеринин негизинде – үй-бүлөлүк турмуш тиричиликти уюштуруунун социалдык шарттарын жалпылоо;

-социологиялык сурамжылоонун статистикалык маалыматтары жана жыйынтыктарынын негизинде –жубайлар арасында мамилелердин ар түрдүү аспекттерин реалдуулукта изилдөө.

Негизги булактар: 1) мамлекеттик документтер, 2) илимий-методикалык эмгектер, 3) социологиялык изилдөөлөр жыйынтыктары, 4) социологиялык эксперименттин жыйынтыктары болду.

**Сурамжылоо:**

- анкеталоо – респонденттердин изилдөөнүн ар түрдүү аспекттери боюнча кызыкчылыгын, мүдөөлөрүн, керектөөлөрүн, баалуу ориентацияларын изилдөө үчүн;

-интервью – респонденттердин үй-бүлөлүк турмуштун ар түрдүү суроолоруна жеке мамилесин фиксация кылуу үчүн.

**Социалдык байкоо:**

– респонденттер турмушунун шарттарын көрүп туруу үчүн.

**Социалдык эксперимент** шаардык үй-бүлөлөрдүн социалдык-үй-бүлөлүк проблемаларын чечүүдө сунушталган уюштуруу-башкаруучулук чечимдеринин формалары жана методдорун практикада натыйжалуулугун текшерүү максатында өткөрүлдү.

**Социалдык экспериментти уюштуруу.** Эксперимент программасы үй-бүлөлүк баалуулуктарды бекемдөөгө багытталган күн сайын үй-бүлө мүчөлөрүнүн "социалдык аракеттерин" (кылган иш) үй-бүлө мамилелеринин күндөлүгүндө алардын фиксациясы менен алдын алган. "Күндөлүктөгү" жазуулар үй-бүлө түгөйлөрүн үй-бүлөлүк

балуулуктардын калыптануусун жана өнүгүүсүн тартипке салат, ошол эле мезгилде мамлекеттик жана коомдук институттар тарабынан сыйлоочу акцияларын алуу үчүн эсеп-кысап формасы болот.

**Программанын максаты** – үй-бүлөлүк баалуулуктарды бекемдөө максатында үй-бүлөнүн жүрүм-турумунун оң мотивин калыптандыруу.

**Изилдөөнү уюштуруу.** Изилдөөнү уюштуруу 4 этаптын алдын алган: **I этап** – 1990-жылдан 2005-жылга чейин, алдын алган: алгачкы социологиялык маалыматты чогултуу жана талдоо; изилдөө ишинин жалпы стратегиясын аныктоо; **II этап** -2005-жылдан2010-жылга чейин, алдын алган: анкетаны (сурамжылоону) иштеп чыгуу; иштин методолгиялык бөлүгүн иштеп чыгуу; **III этап** – 2010-жылдан 2017-жылга чейин, алдын алган: алгачкы социологиялык маалыматты талдоо; социологиялык изилдөөнүн **IV этабы** – 2017-жылдан 2018-жылдын апрелине чейин, алдын алган: социалдык экспериментти өткөрүү; диссертациянын биротоло жасалгалоо

Үчүнчү глава **"Социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары жана аларды талкуулоо»** шаар тургундарынын өз турмушуна канааттануу деңгээлине маалыматтарды изилдөө алуу үчүн багытталган, жакырчылык денгээли жөнүндө көйгөйлөрү, алардын жашоосу, үй-бүлөнүн экономикалык абалы; адамдардын иш менен камсыз болушу; оор шарттарда жашаган жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери  жөнүндө - бул, бир жагынан.

Ал эми экинчи жагынан - никелик мамиледе болгон жубайлардын рынок экономикасы учурунда үй-бүлөлүк мамилелерди өзгөртүү маселеси; ажырашуу маселелери изилденет. Азыркы шаардык үй-бүлө маселелерин изилдөөлөрдүн негизинде иш боюнча жаңы түрлөрүн жана ыкмаларын сунуштоо жана чечүү үчүн «социалдык иш-аракеттер», алардын ичинен натыйжалуулугу, түзүлгөн эксперименттин жыйынтыгынан далилденип турат.

Үчүнчү главанын **"Социалдык көйгөйлөрдүн негизинде жарандардын өз жашоосу менен канааттануусу"** аттуу биринчи бөлүмдө, изилдөөлөрдүн жыйынтыгынын негизинде адамдардын жашоо-турмуш шарттарын канааттанууну баалоо эркектерде аялдардан бир аз болсо да жогору экенин (тиешелүүлүгүнө жараша 0,27% жана 0,11%,) талдоого алынат. Жашоо шарттарынын өзгөрүшүнө баалоодо 40 жаштан (жогорку курактык топ 25-29 жаш эсеби) чейин курактык топтор гана орточо бир аз жогоруда.

Негизги коомдук маселелер боюнча, жыныстык өзгөчөлүктөрүнүн негизинде белгилешкенде биринчи орунда: жумушсуздук - 74,8%, наркомания - 10,7%, уурулук, кылмыш - 4,6%, аракечтик 3.8%, сойкулук - 2,3%, паракорчулук, жашы жете элек адамдардын ар кандай ооруларга кабылышынын өсүшү турат.

Сурамжылоого таянганыбызда аялдардын эркектер менен бирге, азыркы шаардын социалдык көйгөйлөрүнүн арасынан жумушсуздугу - 77,1% түзөт. Эркектерге салыштырганда, заманбап шаарларда негизги коомдук көйгөйлөрдүн бири катары аялдардын бангилиги 7,4%, 6,6% аялдардын аракечтиги аталгандыгы белгиленди. Жыйынтыктап айтканда, бул коркунуч азыркы айыл же шаар калкынын тукум курут болуусу эмес, бүткүл Кыргызстандын реалдуу коркунучу катары, жалпы маселе экендиги белгиленет. Кыргызстанда жумушсуздук өтө курч көйгөйлүү маселе болуп саналат, ал эми шаарларда бул маселе анча курч эмес деп эсептелет. Демек, мындан биз белгилеген гипотеза "шаардык үй-бүлөнүн бакубат жашоосунун начарлоосунун негизги себептери болуп, жумушсуздук, аракечтик жана үй-бүлөнү коомдук коргоонун жоктугу болуп саналгандыгы" тастыкталат.

Шаарлардын социалдык көйгөйлөрү, түздөн-түз адамдардын жашоо шарттарына канааттангандыгына таасир эткендиги төмөнкү багыттардан байкалат:

- социалдык-экономикалык, кылмыштуулук, калктын жакырчылыгы жана чыгашалары.
- үй чарбалары – билим алуу жана жумуштуулук, калктын билим деңгээли боюнча экономикалык активдүүлүгү, шаардыктардын жумуштуулук деңгээли, чыгашасы.

Кыргызстанда 2008-жылы жакырчылык 40% дын орточо денгээлинен жогору болсо, 2009-жылы жакырчылык, бүтүндөй өлкө боюнча 31,7% га жеткен, 2008-жылдын денгээлине салыштырганда жакырчылык шаар аймактарында 0,7% га төмөндөгөн, ал эми айыл жергесинде тескерисинче,0,3% га өскөн.
2009-жылы жакырчылыктын чегинен төмөн болгон адамдардын саны 1 миллион 718,2 1 минди түзгөн. Анын 75,6% айыл-кыштак тургундары болушкан.
Жакырчылыктын жайылышы өлкөнүн региондору боюнча бирдей эмес болгондугуна байланыштуу 2009-жылы жакырчылыкты азайтуу боюнча өлкөнүн бардык аймактарында иш-аракеттер болуп өттү.
Жакырчылыктын азаюусу боюнча көпчүлүк көрсөткүч Таласта байкалып, мында калктын жакшы жашоосунун жогорулашы 10,0 пайызга төмөндөгөн жакшы жылыштар катары Ысык-Көлдө - 6,2, Жалал-Абад облусу - 3,2, Бишкек шаарында - 2,0 пайыздык көрүнүштү түзгөн. Баткен облусунда жакырчылыктын кескин өсүшү - 10,7%, Чүй областында - 5,5, Нарын облусунда - 1,4 жана Ош облусу боюнча - 0,8% ды түзгөн.
2013-жылы бүткүл өлкө боюнча жакырчылыктын көрсөткүчү 37,0% ды түзүп, өткөн жылга караганда 1,0% га жакын азайган.
Орточо керектөө бааларынын индексине караганда 2012-жылы чектүү жакырчылык эрежеси колдонулуп, жакырчылык даражасын баалоо үчүн 2013-жылы жалпы кедейчилик чегинин наркы 27,768.5 сомду, ал ар бир адамга 16,249.1 сомду түзгөн.
Шаар аймагында жакырчылыктын денгээли 6,9% га кыскарган, ал эми айыл жергесинде, тетирисинче 1,8% га көбөйгөн. 2013-жылы жакырчылыктын чегинен төмөн жашагандардын саны 2 миллион 135 минди. түзсө, алардын 73,6% айыл-кыштак тургундары.
2015-жылы бүткүл өлкө боюнча жакырчылыктын көрсөткүчү 32,1% ды түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 1,5% га өскөн. 2015-жылы жалпы кедейчилик чегинин наркы киши башына жылына 31573 сомду түзсө, өтө кедейчиликтин денгээли - 18234 сомду түзгөн.
Айыл жеринде жакырчылыктын көрсөткүчү 1,0% га көбөйгөн, ал эми шаар жеринде - 2,4%.
2005-жылдын маалыматы боюнча, жакырчылык өлкөдө бир баласы бар - 85,3%, же беш баласы бар, же андан да көп балалуу үй-бүлөлөрдүн саны 17,5% ды түзгөн, ал эми үй-бүлөдө 8-9 балдары барлардын жакырчылык денгээли - 92% ды түздү.

Чоң үй-бүлөлөрдүн жакырчылык денгээли жыл сайын өскөндүктөн, ал үй-бүлөлөрдүн арасындагы кирешелери жакырчылыктын чегинен төмөн болуп саналат.
Ошентип, үй-бүлө санынын жогорулашы менен, балдар үчүн жакырчылыктын денгээлинин өсүү коркунучу пайда болууда. Бүткүл өлкө боюнча жыл сайын жакырчылыктын көрсөткүчүнүн денгээлинин жогорулоосу 2010-жылы 33,7% ды түзгөн.
2015-жылга бүткүл өлкө боюнча жакырчылыктын көрсөткүчү 32,1% га жеткен (кедейчиликтин чегинен төмөн 1 млн. 931 киши жашаган).

Диаграмма 2.4: **Жашаган жери боюнча жакырчылыктын деңгээли (калктын санынын проценттик көрсөткүчү)**




2015-жылы жакырчылыктын көбөйүүсү, өткөн жылга салыштырганда, Ош облусунда 2,8% , Жалал-Абад облусунда 1,3% ал эми, Ош шаарында - 4,9 % ды. Жогору пайызды түзүшү өлкөнүн бардык региондорунда кездешкен.

Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын бардык чөйрөсүндөгү экономикалык каатчылык албетте, үй-бүлө институтуна да таасирин тийгизбей койгон эмес.

Сурамжылоого катышкан респонденттердин 55,3% экономикалык жактан "салыштырмалуу" аз камсыз болгондугун, 28,3% жашоо үчүн жетиштүү шарттардын аздыгын, 15,2% жакырчылыкта жана ачка жашап жатканын моюнга алуу менен суроолорубузга жооп беришсе, 1,3% суроого жооп бериштен баш тартышкан.

Кээ бир үй-бүлөлөр үчүн, тиричиликтеги каражаттардын негизги булагы болуп мамлекеттик мекемелерде - 35%, бизнес жана соода ишмердүүлүгүндө - 27,7%, 10,3% - кошумча жумуштардан, 8,5% - пенсия, гуманитардык жардам - 1% алаарын белгилеп кетишкен.

Жалал-Абад шаарында ишкердик негизги булак катары - 51,9% ды түзсө, экинчи орунда коммерциялык ишмердүүлүк жана ишкердүүлүк - 38,3%, үчүнчү оорунда жөлөк пул жана пенсия – 4%, жалданма жумуштан да ошончо эле киреше алаарын, ал эми - 5,8% суралган респонденттер эч кандай кошумча булагы жок экендигин белгилешти.

Ош шаарында негизги киреше катары: мекеменин ишин 51,3%, соода иштери жана ишкердик - 26,9%, үчүнчү орунда пенсия жана жөлөк пул - 5,2% , төртүнчү орунда жалданма жумуш менен - 3,5% иштеп, гуманитардык жардам - 0,9%, бешинчи орунда турса, респонденттердин - 12,2% нын киреше булагы жок экени айтылды.

Кирешенин негизги булактарынын бири Кызыл-Кыя шаарында, биринчи кезекте шаардын коомчулук мекемелериндеги жумушта - 33,8%, бизнес жана ишкердик - 32,4% менен экинчи орунда, үчүнчү орунду, жалдоо жумушунан - 25%, пенсия жана жөлөк пул -5,9%, жана гуманитардык жардамды 1,5% алган. Ал эми респонденттердин 1,4% негизги булагы жок деп жооп берди.

Мындай натыйжасыз экономикалык жагдайдан чыгуунун жолдорун, респонденттер белгилешкендей, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жашоосун жакшыртуунун жолдору катары 49,7% пайдалуу иштерде иштөө, жогорку айлыктын болуусун белгилешет, 18,5% - айлык акыны өз убагында төлөө, 15,7% - мамлекеттик мекемелерде иштөө, 4,9% ар кандай жумуштун бар болуусу алардын үй-бүлөлүк жашоосун жакшыртууга жардам берет деп белгилешет, чет өлкөдө иштеген туугандарынын жардамы менен, алардын жашоосун жакшыртууга - 4,4% балдардын чоноюп иштөөсү жана жашоосун -2,8% пенсияга байланыштырат, өлкөдөгү пенсиянын орточо өлчөмү орточо эмгек акысына салыштырмалуу 2118 сомду же жалпысынан алганда 37,4% түзөт.

Өлкөдө 524 миң. пенсионерлер катталса, андан тышкары 100 миң пенсиялык курактагы адамдар бар. Мындан сырткары, бир жылда 30 миңден ашык адам пенсияга чыгат.

Бирок, ошол эле учурда көптөгөн респонденттер өздөрүнүн үй-бүлөсүнүн материалдык абалынын начарлаганын - 30,1%, эмгек акынын аздыгын, - 22,9% - азыктардын жана буюмдардын жогорку наркын, башкача айтканда, аларга эн биринчи керектүү азыктарды сатып алуу кыйындыгын белгилешкен. Начар жашоо, жумушсуздук жана жакырчылыкты респонденттердин - 21,8% жашоонун начарлашынын себеби экендигин, 10% эмгек акысын өз убагында албагандыгын, жана 3,6% бизнесинин жүрүшпөгөндүгү деп эсептешет.

Изилдөөнүн маалыматтарынын анализдеринин негизинде, түштүк аймагындагы шаар калкынын көбү жакыр катары жиктелип, Кыргызстандын жарандарынын 10-12% га гана, бүгүн, зорго орто катмарга таандык үй-бүлөлөр экендигин белгилөөгө болот.

1990-жылдар экономикалык өнүгүүнүн төмөндөшү менен, иш менен камсыз кылуунун начардыгынан калктын реалдуу кирешелеринин көлөмү азайгандыгын 2009 жылга карата расмий түрдө Кыргызстанда катталган жумушсуздардын саны, 1991-жылдан бери ал туруктуу 272,9 миңге өскөн.

Жумушсуздуктун мындай өсүшүнө төмөнкүлөр таасир эткендиги аныкталды: жаш муундардын эмгекке жарамдуулук жашка жетпей ишке киргендиги; эмгек рыногундагы суроо-талаптын жана сунуштун дал келбегендиги; жумуш берүүчүлөр жана жумуш издөөчүлөр тарабынан сунуштардын дал келбестиги. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, жалпы жумушсуздуктун саны 8,4%, ал эми жумушсуздардын саны - 210.4 миң адамга жеткен.

Баткен облусунда катталган жалпы жумушсуздуктун жогорку деңгээли - 10,8%, Ошто 10,7%, Нарында - 10,2%, Чүй жана Ысык-Көл аймактарында жалпы жумушсуздук 9,9% ды жана 9,6% ды түзөт.

Кыргызстанда 2014-жылдын биринчи чейреги үчүн расмий (катталган) жумушсуздуктун чен деңгээли 2,4%, Жалал–Абадда 12,8%, Нарын облусунда - 6,8%, ал эми Чүй облусунда төмөн - 1,5% ды түзөт. Өлкөнүн иш менен камсыз кылуу кызматтары боюнча катталган адамдардын саны 94,7 миң, алардын ичинен 59 миң киши жумушсуз деген расмий статусу бар. Жумушсуз жаш адамдардын агымы менен расмий жумушсуздардын жалпы саны 41,1%.

Жумушсуз улуу курактык түзүмдө 57,1%, 16,35 жашка чейинки жаштарга багытталган, 35, 39 жашка чейинки 15,1%. Бул көрсөткүчтөр калктын жаш мүчөлөрү жумушсуздукка кабылып жаткандыгын көрсөтөт.

Кыргызстанда расмий маалымат боюнча жумушсуздуктун көрсөткүчү, 2016-жылдын башына карата экономикалык жигердүү калктын коомду өнүктүрүү жана эмгек министрлигинин маалыматы боюнча - 8% ды түзөт. Расмий статистикага таянсак, өлкөнүн экономикалык жактан жигердүү калкынын жалпы саны азыркы учурда 2 млн. 504,2 миң адамды түзөт.

Жумушсуздардын жалпы саны 201500 адамды түзөт, алардын ичинен 98,4 миң аялдар (же жумушсуз адамдардын жалпы санынын 48,9%) жана иш менен камсыз кылуу кызматына катталган 103,1 миң эркектер (же 51,1%) болуп саналат. Иш менен камсыз кылуу кызматынын эсебинде 87,6 миң адам, анын ичинен официалдуу статус боюнча 56 миң адам (анын ичинен 29,7 миң аял турат.

Натыйжада, шаардык үй-бүлөдөгү өз үйү жок экендигин - шаар жашоосундагы негизги коомдук көйгөйлөрдүн бири экенин белгилешти. Ошентип, изилдөөнүн негизинде, респонденттердин жалпы саны боюнча, үч түштүк шаарларынын респонденттери өз үйү бар экендигин 66,8%, ата-энелери менен чогуу жашаган 16,5%, жатаканада 5,7%, жана 9,3% өз үйлөрүнүн жоктугу жана жеке адамдар тарабынан ижарага алынган үйдө жашагандыгын белгилешкен.

Изилдөөнүн жүрүшүндө, респонденттердин 31,1% ы жашоо шарттары канааттандырат деп таап, аларга карама-каршы болуп респонденттердин 63,8% ы нааразы болуп, 5,1% ы бул суроого жооп берген жок.

Ал эми, суралган аялдардын 35,4% ы канааттандырат деп айткан болсо, 64,3% ы аларды турак-жай шарттары канаттандырган эмес. Ал эми 30,5% эркек респонденттерди турак - жай шарттары канааттандырган эмес, 62,5%, эркектер турак - жай шарттарына ыраазы болгон.

Эркектердин да, аялдардын да, үчтөн экиси жашоо шарттары менен ыраазы эмес экенин белгилей кетүү керек, респонденттердин жашоо шарттары менен наразылыктын негизги себебин нормалдуу жашоо шарттарынын жоктугу (14,1%) деген, ичүүчү таза суунун жетишсиздиги (дээрлик бардык изилденген шаарларда), же аны тез-тез токтотуп коюусу (8,0%), борбордук жылуулук берүүнүн жоктугу 6,7%. Ош жана Жалал-Абад шаарларындагы, бир нече турак - жайларында борбордук жылуулук берүү жеткиликтүү эмес, ал эми Кызыл-Кыя шаарында ал дээрлик жокко эсе, антисанитардык жана калдыктарды экспорттоо үчүн кызмат начар көрсөткүчү (4,6%), тез-тез электр жарыгын өчүрүлүшү (3,9% деп эсептешкен. Андан тышкары 2012-2015-жылдан баштап, акыркы үч жылда( белгилей кетүү керек), санитардык тазалыктын, өз үйүнүн жоктугу (1,3% га), жашоо шарттарында газдын жоктугу жана башка менен байланышкан машакаттуу ыңгайсыздыкды 0,5% респонденттер белгилеп кетишкен.

Жыйынтыгында, суралагандардын турак-жай жана коммуналдык кызматтардын начар ишине наразылыгы-3,1%.

Кыргызстанда, 1970 жылдардан баштап мигранттардын агымы терс көрсөткүчтөргө ээ. Андан бери да 1993-жылы өзүнүн туу чокусуна жетип 121 миң адам миграцияланган, ал эми 1998-жылы 5,5 миң. адамга төмөндөө байкалат.

1990-жылдан 2005-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин расмий маалыматтары боюнча, тышкы мигранттардын жалпы саны 516.000 адам, 2005-жылы 26.700 адам, ал эми 2004-жылы - 19,300 адам көчкөн. Башка булактар боюнча Кыргыз Республикасынын 35000 жарааны чет өлкөлөрдө, Орусия менен Казахстанда иштешет.

Ошол эле учурда, бул өлкөдөгү жагымсыз окуялардан (мисалы, Баткен окуясында, март жана элдик ынкылап - апрелде, 2010-жылы Ош шаарында улуттар аралык чыр-чатакта), мигранттардын саны олуттуу өскөндүгүн белгилей кетүү керек. 2005-жылдан 2009-жылга чейинки мезгил ичинде калктын жыл сайын агылып чыгуусу 27,2 миңге чейин көбөйүп 30,0 миң . адамга чейин жеткен. Өлкөнүн ар бир үчүнчү адамы мигрант катары катталган. Эмгекке жарамдуу калктын дээрлик ар бир экинчиси - мигрант.

Кыргызстанда мигранттардын саны өсүп, чыгып кеткендердин саны кайтып келгендердин санынан аздыкты түзүүдө. Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматы боюнча, 2010-2012-жылы, чет өлкөгө барып, кайра кайтып келбегендердин саны 150 жана 212 миңден жогору. 2013-жылдан баштап 2014-жылга чейин, агылуунун (тартыштык) жыйынтыктары 4 эсеге азайган.

Таблица 8.[45]

**Миграциялык өсүү көрсөткүчтөрдүн, сырткы чыгуу миграциясы**
**(адам саны)**

| №№ | Аталыштар | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз Республикасы | -50628 | -39043 | -7487 | -7203 | -7757 |
| 2. | Баткен облусу | -2808 | -2261 | -77 | -200 | -350 |
| 3. | Жалал- Абад облусу | -8065 | -4981 | -285 | -556 | -694 |
| 4. | Ош облусу | -10485 | -7975 | -665 | -694 | -601 |
| 5. | Ош шаары | -6419 | -3551 | -32 | -109 | -374 |

Ошондой эле өлкөнүн региондорунда 8- таблицада белгиленгендей эмгек миграциясынын экономикага талашсыз оң таасири көрүнүүдө. Кыргызстандан келген эмгек мигранттары үчүн Орусия менен Казакстан, каражат табуу негизги багыттары болууда. Орусияда 500

миң адам эмгек мигранттары бар. 2015-жылы Кыргызстандан Орусияга барган мигранттардын 77% ын кабыл алган. Миграциянын негизги себептери жумушсуздук, өлкө боюнча айлыктын аздыгы деп аталган.

Социалдык-демографиялык ситуация жалпы республикада төмөндөдү. Ишканаларда жана уюмдарда иш оорундарынын кыскарылышы уланууда..

Үчүнчү главанын экинчи параграфында **"Шаардык үй-бүлөлүк мамилелерди изилдөө"**деп аталып, анда изилдөөнүн негизги жыйынтыктары талданып, Кыргызстандын түштүгүндөгү азыркы жаштардын никеге кириши мүнөздөлөт. Үй-бүлөлүү болуу- бул ар бир адамдын жашоосуна керектүү көрүнүш деген ниеттеги пикирди жетекчиликке алып, респонденттерден сураганыбызда 26,5% - үй-бүлө түзүүгө салым кошуу үчүн ниети болсо, 56% га сүйүп никеге кирген, 36,3% ды никеге жалгыздыктан корккону үчүн турушкан.

Демек мындан сүйүү дагы деле Кыргызстандын жаш муундары үчүн, турмуш куруу үчүн маанилүү түрткү болуп эсептелээри байкалат. Бирок, башка жыныстагылардын шартында бул жагдай тескерисинче, эркектерге (39,3%) караганда аялдар (60,7%), үчүн алда канча маанилүү болуп саналат.

Жыныстык белгилер боюнча биздин изилдөө көрсөткөндөй үй оокатында эгалитардык бөлүштүрүү бар экенин байкадык. Суралган аялдардын 51,6% ы жана эркектердин 73,3% ы, алардын теңи үй чарбачылыгында балдарды тарбиялоодо жардам берет. Ошол эле мезгилде сурамжылоого катышкан аялдардын 8,1% ы алардын күйөөлөрү үй чарбачылыгында эч качан жардам бербестиги жөнүндө чындыгын айтышты, эркектерден аялына даттангандар болгон жок.

Биздин изилдөөлөр боюнча, тукум улоо себептери көбүнчө аялдар арасында көбүрөөк байкалат, анткени бала төрөөнүн аркасында өзүнүн жеке инсандык, дегеле ички максатына жете алат. Алар, коомдук эмес, көбүнчө балдарга болгон жеке кызыгуусун чагылдырышат. Муну биздин чыр-чатактар болоорун, социологиялык изилдөөбүздүн натыйжалары тастыктады, аялдардын 80% балалуу болуу үчүн никеге турушкан.

Мына ушуга байланыштуу, ажырашкан жубайлардын дээрлик 90% ы бири-бирине көнүүчү алгачкы 4-5 айдагы мезгилинин маанилүүлүгүн белгилешкенин аныктай алдык. Ушул мезгил гана жубайлардын психологиялык жактан бири-бирине ылайык келерин тайстыктайт.

Суралган респонденттердин жарымына жакынын үйүндө азбы-көппү дайыма чыр - чатактар болоорун, болжол менен ушундай эле жарымы чыр-чатак сейрек болоорун, жана 4,9% ы алардын үй-бүлөсүндө чыр - чатактар болоорун жогорудагы айтылгандардан билсе болот.

Белгилей кетүү керек, бул жерде суралган респонденттердин гана жекече пикири, анткени чыр - чатак дегенди ар башкача түшүүнүгө болот.

Бул шаарлар боюнча салыштырууда 7.2.2. таблицада чагылдырылган.

Таблица 7.2.2.

**«Сиздин үй-бүлөңүздө чыр – чатак болобу?»**
**(жооп бергендердин жалпы саны %, ар бир шаар боюнча)**

| № | Жооптордун варианты | Жалал-Абад | Ош | Кызыл-Кия |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ооба | 39,8% | 49,6% | 63,3% |
| 2. | өтө сейрек, жокко эсе | 51,5% | 46,1% | 33,8% |
| 3. | Жок, эч качан | 8,7% | 4,3% | 2,9% |
| 4. | Жалпы | 100% | 100% | 100% |

Үчүнчү бөлүмдүн үчүнчү параграфы **”Үй-бүлөлүк мамилелердин базар турмушунун жаңы тартибине өтүүсү”** деп аталып, анда базар турмушунун жаңы тартибине өтүү

мезгилинде үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөрүшү үй-бүлөлүк негизги жобо, принциптерге таянып талдоо жасоону камтыйт.
Мамлекеттик практикада аял менен эркек тең укуктуу болгондуктан, жыныстар арасындагы теңсиздикти жоюу, жумуш жана башкаруу сферасында алардын укуктарын кеңейтүүнү көздөйт. Бул багыттагы маанилүү кадам аялдар үчүн баарына, анын ичинде билим алуу мүмкүнчүлүгүн берген. Расмий маалыматтарга ылайык, жогорку кесиптик окуу жайларынын студенттеринин арасында аялдардын үлүшүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

Таблица 8.3.3[55,125]

**Жогорку окуу жайларынын арасындагы аялдардын саны (%)**

| | 2000/ 2001 | 2004/ 2005 | 2009/ 2010 | 2011/ 2012 | 2014/ 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 50,7 | 52,9 | 54,0 | 53,9 | 55,2 |
| Баткен облусу | 48,0 | 52,7 | 54,3 | 56,2 | 60,6 |
| Жалал-Абад облусу | 46,2 | 54,3 | 53,3 | 53,3 | 55,8 |
| Ысык - Кол облусу | 53,2 | 55,9 | 57,4 | 53,9 | 55,6 |
| Нарын облусу | 50,0 | 51,8 | 54,7 | 55,5 | 60,3 |
| Ош облусу | 71,4 | 65,8 | 61,8 | 63,4 | 58,6 |
| Талас облусу | 54,0 | 48,8 | 44,2 | 47,8 | 42,5 |
| Чүй облусу | 51,3 | 52,1 | 52,9 | 52,3 | 53,3 |
| Бишкек шаары | 51,3 | 52,1 | 52,9 | 52,3 | 53,3 |
| Ош шаары | | | | 55,8 | 56,7 |

Жыл сайын, ЖОЖдун студенттеринин арасында аялдардын үлүшү 4,5% га жогорулоодо. Окуп жаткан аялдардын үлүшү салттуу түрдө төмөндөгү адистиктер боюнча төмөндөгүчө: билим берүүдө – 82%, сервисте- 71%, саламаттык сактоодо – 50% жана гуманитардыкта- 52%, ошол эле мезгилде техникалык адистиктер боюнча төмөн – 25% жана айыл - чарбачылыгында – 20 %. Билим берүү аялдын үй-бүлөдөгү социалдык - экономикалык статусунун көтөрүлүшүнө таасир берет.
Билим берүүдө, үй-бүлөдө, коомдо аялдардын коомдук-экономикалык абалы өбөлгө түзөт.
Биздин изилдөөдө "Сенин үй-бүлөңдүн башчысы ким болуп саналат?- деген суроого Респонденттер төмөнкүдөй жооп берди: күйөөсү үй-бүлөнүн башчысы - 68,1%, аялы - 8,7%, күйөөсүнүн же аялынын ата-энеси - 8,7%.
Изилдөөнүн жүрүшүндө, респонденттердин 8,5% үй-бүлөнүн башчысы, үй-бүлөсүн камсыз кылган адам экени айтылды. Уй-бүлө башкарууга эгалитардык мамилени колдоону респонденттердин 2,6% ы билдирди.
Изилдөөлөр боюнча Респонденттердин үй-бүлөлүк психологиялык мамилелери Ош облусу боюнча (85,2%) канааттануу даражадагы көрсөткүчтү, Жалал-Абад (73,3%), Кызыл-Кыя 69,1% ды түздү. Калган респонденттердин үй-бүлөлөрү менен өз ара мамилелери канааттандырарлык эмес.
Жыныстык катышта алганда үй-бүлөлүк мамилелерге көбүнчө эркектер канааттанышат, аларда бул көрсөткүч аялдарга караганда 10% га жогору ошондуктан 82,4% ды түздү, аялдардыкы 72,9% туура келет.
Күткөндөй эле, үй-бүлөдөгү мамилелердин канааттандыдарлык эмес деп 19,4% аялдар, 12% эркектер баалашты. Үй-бүлөдөгү мамилелердин тап-такыр канааттандыдарлык эмес деп суралган аялдардын 6,2% ы жана эркектердин 5,3% ы айткан. Калган респонденттер бул суроого жооп бергенден кыйналышкан.
Социологиялык изилдөөлөргө катышкандардын ичинде өздөрүнүн үй-бүлөлүк мамилелерин канааттандыдарлык эмес деп баалагандардын негизги себептери сүйлөшө албоо - 5,7%, материалдык жана финансылык жетишсиздик- 2,6%, үй-бүлөлүк салтта

эскинин калдыктарынын сакталышы – 1,5% жана кайын эснесинин келинге жаман мамилеси – 0,3%. Жогоруда айтылгандарга караганда психологиялык факторлор үй-бүлөнүн ички мамилелерине негизги себеп болору байкалды: бул жөнөкөй эле карама-каршы жыныстагы адам менен сүйлөшүүнүн көндүмүнүн жоктугу жана келинге кемсинткен мамиленин аң – сезимге терең сиңгендиги, аны болгон жамандыктардын бардыгынын себепчиси катары эсептөө, б.а. адамдардын психологиясын алмаштыруу керек, үй-бүлөдөгү сүйлөшүүлөрдүн психологиясын мектептерге киргизүү керек.

Кыргызстандын түштүгүндөгү салттары, адаттары жана диний негиздери башка ригондорго салыштырмалуу бекемирээк жана туруктуураак эсптелген. Шаардык үй-бүлөлөрдө ар бир 4 – адам атанын үй-бүлөдөгү авторитетин талашсыз тааныйт (74,6%).

Бирок, баары бир атанын салттуу баалуулугу аялдардын тең укуктуулук факторунун аркасында бошоңдогону байкалат.

Биздин изилдөөлөр боюнча, үй-бүлөдөгү атанын авторитетинин төмөндөөсүнүн негизги себептери болуп үй-бүлөлүк иштерге анын катышуусунун кыскарышы (5,5%) жана үй-бүлөдөгү таап келүүчүнүн позициясынын жоголушу (4,6%) эсептелет. Ошол эле мезгилде, үй-бүлөдө аялдын ролунун күчөшү, айрым учурларда башчынын ролун аялдардын алмаштырышын белгилейбиз, ушундай варианттагы жоопту жалпы суралган респонденттердин 8% ы берип, үй-бүлөдө аял башчылык кылаарын моюнга алышкан.

Социологиялык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө аялдардын өзүнүн, үй чарбасы менен гана алпурушуп калганынын себептери жөнүдө пикирлери аныкталды. Суралган аялдардын ичинде, үй чарбасы менен гана алпурушкандардын негизги себептери болуп, 24,5% респонденттер өзүн күйөөсүнө жана балдарына максаттуу арналгандыгын, 24,5% - жетишерлик жакшы материалдык камсыздоого, 14,2% аялдар бул үйчүл мүнөзүнө байланыштырат, 5,6% - начар ден-соолукта, ал эми 3,8% жалпы суралган аялдарды күйөсү иштөөгө уруксат бербейт, калгандары бул суроого жооп бере алышкан жок.

Албетте, кесиптик ишмердүүлүк , адамдар менен сүйлөшүү, социалдык саясий кыймылдарга катышуу аялдардын кругозорун кеңейтет, анык интеллектуалдык жана эмоционалдык дүйнөсүн байытат. Бирок ошону менен катар, аялга үй-бүлөлүк жана өндүрүштөгү милдеттерди айкалыштыруу татаал. Мисал, 35,8% респонденттер иштеген аялдар үчүн чоң жүк болуп абдан чарчашат жана бул акырында үй-бүлөлүк мамилелерге таасир берет деген пикирде. Эгер жыныстар боюнча бул суроолорго берген жоопторду бөлгөндө 68,5% аялдар, 31,5% эркектер макул болушту; 2,1% суралгандар, иштерди айкалыштырып алып кете албагандыктан, аялдар иштебей эле коюшу керек деп эсептешти.

Бул жоопторго каршы изилдөөнүн 35% катышуучулары аялдар туугандары жардам берсе иштесе болот, жана 16,2% респонденттер аялдарга бул оор эмес, анткени аны эмоционалдык жактан жеңилдетет жана үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнөжагымдуу болот деп эсептейт.

Кыргызстандагы ажырашуулардын анализинин динамикасы калк ичинде ажырашуулардын саны өскөндүгүн көрсөтөт. Бул тенденция, аялдар менен эркектердин (жалпы никеге тургандардын 70%) ичинде 17 ден 20 жашка чейинки жаш адамдардын санынын көбөйүшү менен шартталган.

Бардык эле жубайлардын боосу бекем эмес. Арбир алтынчысы бузулат: айыл жергесинде 1000 никеге 104-106 ажырашуу туура келет, ал эми шаарда бул 3 эсе көптүк кылат.

Таблица 4.[76]

**Азыркы Кыргызстандагы ажырашуунун деңгээли**

| № | КРнын шаарлардын | 1990 | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жана аймактардын аты | | | | | | |
| 1. | Кыргыз Республикасы | 7829 | 6001 | 5348 | 6097 | 7381 | 9235 |
| 2. | Баткен облусу | 367 | 218 | 231 | 299 | 443 | 569 |
| 3. | Жалал-Абад облусу | 839 | 556 | 491 | 655 | 855 | 1378 |
| 4. | Исык-Көл облусу | 617 | 410 | 388 | 481 | 647 | 776 |
| 5. | Нарын облусу | 141 | 140 | 180 | 185 | 268 | 419 |
| 6. | Ош облусу | 1122 | 802 | 655 | 431 | 872 | 1368 |
| 7. | Талас облусу | 223 | 120 | 133 | 195 | 249 | 403 |
| 8. | Чүй облусу | 2198 | 1712 | 1537 | 1754 | 1847 | 2081 |
| 9. | Бишкек шаары | 2322 | 2043 | 1733 | 1784 | 1765 | 1820 |
| 10 | Ош шаары | 326 | 321 | 270 | 313 | 435 | 421 |

Сурамжылоодо, ажырашуу тажрыйбасы бар 369 респондеттердин теңинен жарымы (57%) ЖААКка никени бузуу жөнүндөгү арызды жазышкандыгын айтышты. Дагы 22% ы ажырашуу сөзсүз боло тургандыгы үчүн “башка варианттарды көрбөгөндүктөн” макул болушкан. Ар бир бешинчиси үчүн (21%) ажырашуу темасы жабык болуп, ким биринчи демилге көтөргөнүн айткылары келген жок.

Изилдөөнүн жүрүшүндө, мамилени сактоо же үзүү маселесинде аялдар чечкиндүүрөөк, эркектер анча көңүлдөнбөгөнү ачыкталды, 47% эркектердин ажырашуунун демилгечиси ал болгонун мойнуна алган. Аялдардын арасында бул цифра бир топ өйдө – 53%.

Адамдар ажырашууну чечкенде, албетте, балдарынын тагдырын ойлошот. Бирок суралгандардын 17% ы ажырашууну абдан каалагандыктан, баласынын келечеги жөнүндө ойлобогондугун айткан. Балдар – бул жерде маанилүү эмес, алар үчүн чоочун, жагымсыз адам менен жашоого чыдагандай. Тескерисинче – энелик жана аталык сезим, адамды мыйзамдуу, бирок сүйкүмсүз жубайы менен мамилесин үзүүгө түртөт окшойт. Балдары бар эркектердин арасында 52% ы ажырашуу жөнүндө чечимди өзү кабыл алган, баласыздардын ичинде 45% ы гана. Балдарлуу аялдардын төрттөн үчү (71%) ЖААКка арызды жазышкан.

Балдарсыз аялдардын ичинде бизге 63% ы чечкиндүү болгон. Оор болсо да мындай кадам айрым учурларда логикага ылайык келет.

Сурамжылоого караганда ажырашуунун негизги себептери: “көзгө чөп салуу” – 11%, жубайлардын биринин ичкичтиги (наркомандык), көбүнчө күйөөсүнүн – 15%, квартира маселеси – 12%, тиричиликтеги туура шарттын жоктугу – 20%, кедейчилик – 37%, жубайлардын биринин тукумсуздугу- 8%. Ал эми “мүнөзү келишпегендик” – 7%.

Үчүнчү бөлүмдүн **”Социологиялык эксперименттин жыйынтыгы”** аттуу төртүнчү параграфы эмпирикалык мыйзам ченемдүүлүккө негизделген негизги жыйынтыктардын анализин камтыйт: келечекте шаарларда калктын жалпы үлүшү айыл калкынын миграциясынын эсебинен жогорулай гана берет, социалдык маселелерден улам жубайлардын бири-бирине “көнүсүнүн” деңгээли төмөндөйт. Ал эми мамлекет коомдун трансформация(өзгөрүү) мезгилинде массалык түрдө үй-бүлөлөрдүн социалдык маселелерин чече албай турган абалда, анткени анын материалдык - финансылык ресурстары чектелген.

**Ү**й-бүлөлүк салттуу баалуулуктарга багытталган жубайлардын үй-бүлөлүк бейкутчулугу өзүлөлүрүнүн демилгелеринен (социалдык аракетинен) көз каранды. Жубайлардын алгачкы чогуу жашаган 4-5 айларында бул “көнүшүү” натыйжалуу жана натыйжасыз да болушу мүмкүн, бул келечекте алардын жашоосунун жетишүү деңгээлин аныктайт.

**Ү**й-бүлөлүк мамиленин бекемделишине үй-бүлөлүк журум-турум мотивин келтирүү зарылчылыгы биз сунуштаган методдуу практикага эксперименталдык негизде киргизүү, келечекте үй-бүлөнүн бузулушунан сактоо алдын – алуу чаралары б. а. социалдык иш аракеттер ишке ашат

Ошол эле убакта жубайлардын социлдак иш аракеттерин фиксациялоо үй-бүлөлүк баалуулуктардын өсүүсү, бул баалуулуктар жөнүндө дайыма түшүнүү факторунун

болуусу, болбосо үй-бүлөлүк баалуулуктардын девальвация болуусу, бир тараптан мамлекеттик органдардын үй-бүлөнүн жашоо тиричилигин контролдоосун камсыз кылуусу гана эмес, экинчи тараптан мамлекет алардын келечектеги кайдыгер карабастыгы үй-бүлө мамилелеринде моралдык колдоо керектигин сезүүсүнүн далили.

Үй-бүлөлүк мамилелер "Көндүмдөрүндө" биздин божомолдорубузду аныктады.

Үй-бүлөнүн бузулушуна тоскоол болгон, үй-бүлө тирегинин бузулушуна алып келген социалдык маселелерди ийгиликтүү женип чыгуу камсыз кылууда мунун баары социалдык шарттарды алдын алуу алдыга чыгат. Үй-бүлөлүк ажырашууга каршы "социалдык иш аракеттердин" натыйжалуулугун төмөндөгү таблицадан кароого болот.

Таблица 3.1

**Жубайлардын чогуу жашоо мөөнөтүндө ажырашкандардын саны**

| **Чогуу бирге жашаган жылдар** | **Ажырашкан жубайлардын саны (%)** | | |
|---|---|---|---|
| | **Статистик боюнча (жалпы тайпа)** | **Эксперименттен кийин** | |
| | | **(текшерилүүчү тайпа)** | **Жалпы жана текшерилүүчү тайпанын айырмачылыгы** |
| 1. 4-5 ай | 11,2 | 10,7 | -0,5 |
| 2. 1жылга чейин | 25,4 | 24,9 | -0,5 |
| 3. 3жылга чейин | 25,4 | 24,8 | -0,6 |
| 4. 5жылга чейин | 19,8 | 19,2 | -0,6 |
| 5. 10жылга чейин | 14,2 | 13,7 | -0,5 |
| 6. 10 жылдан жогору | 4,0 | 3,9 | -0,1 |
| | | | **Жыйынтыгы:-2,8%** |

Практикага жаңы уюштуруучулук - башкаруучулук чечимдерди (социалдык иш аракеттер) киргизилгенден кийин үй-бүлөдө жаңы социалдык абал түзүлгөнү, бейкут үй-бүлөлүк мамилелерге социалдык маселелер анча курч эмес таасир берген, анткени жубайлардын ажырашуусунун деңгээли 2,8% га азайганы 3.1.таблицадагы маалыматтардан көрүнүп турат.

Эгерде жубайлардын алгачкы 4-5 ай чогуу жашоосунда уюштуруучулук – башкаруучулук ишти жакшы уюштурса албетте, жубайлардын ажырашуусунун деңгээлин дагы азайтууга болот.

Мамлекеттик структура кызматкерлери (ЖААК) тарабынан дагы бир далай каталар кетирилген, алар мындай ишмердүүлүктү ишке ашырууга, бул изилдөөнүн чегиндеги Программаны иштеп чыгууга дагы жетиштүү социалдык тажрыйбага ээ эмес болушкан.

Жубайлардын кийинки чогуу жашоосунда өзүлөрүн алып жүрүү нормасы жана эрежелери үй-бүлөлүк каададан көз каранды болгондуктан үй-бүлөлөрдүн социалдашуу мезгилиндеги көнүшүдө "Социалдык иш аракеттер программасын" кылдаттыраак иштеп чыгуу керек.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө диссертант тарабынан төмөндөгүдөй жыйынтыктар жасалды:

1.Коомдун күн сайын өзгөрүп, өнүгүшүндө шаардык үй-бүлөлөрдө салттуу баалуулуктар, багыттоолор жана идеалдар өзгөрүүдө. Бул абал, азыркы коомдогу социалдык-экономикалык, саясий, социалдык-маданий трансформациялардын жыйынтыгы болуп саналышы биринчиден болуп саналса экинчиден, үй-бүлөлүк-никелик мамилелерде байкалып жаткан терс процесстерге карабастан, үй-бүлө институтунун туруктуулугу сакталып калуу менен жубайлыктын маанилүүлүгү өсүүдө. Үй-бүлөнүн келечектеги адептик негизи – традициялык жана коңур үй-бүлөлүк баалуулуктардын гармониялык айкалышы болуу менен бирге үй-бүлө, жаңы мүнөздүү институт катары уланып, үй-бүлөлүк милдеттерди бөлүшкөн эркин элдердин демократиялык бирикмеси болуп эсептелет жана бири биринин акыл – ой-өсүшүн чектебейт.

2.Шаар коомдун социалдык структурасы катары айыл аймагындагы жашоочулардын миграциясынын эсебинен кенейет. Өнүгүп келе жаткан шаарларда, жашоочулардын жыштыгынан үй-бүлөлөрдүн ажырашуусунда социалдык коркунуч көп, себеби коомдун трансформациясынын учурунда, мамлекеттин социалдык-экономикалык, финансылык жана башка ресурстардын төмөндүгүнөн улам, ар бир үй-бүлө жубайлары үй-бүлөлүк баалуулуктарын өздөрү сактоо аракетине негизделип ага көнүлдү буруунун зарылдыгы.

3. Жубайлардын 90% нын ажырашуусунда объективдүү негиздердин бар экендиги, башкача айтканда жубайлар баш кошкондон кийинки биринчи 4-5 айлык жашоосунда ар түрдүү социалдык көйгөйлөр менен кезигишкендиги менен негизделет. Жубайлардын бирге жашап туруп ажырашкандыгы, алардын жашоо мөөнөтүнөн, жана жубайлардын “социалдык аракеттерине ылайык, жана жубайлардын бири-бирине болгон мамилесине байланыштуу боло тургандыгы белгиленди.

## ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ
### диссертациянын темасы боюнча:

1. Тумонбаева Г. Б. Традиции и обычаи в семейных отношениях - важное направление усовершенствования образа жизни при условиях рыночной экономики [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Вестник Ош ГУ. Серия гуманитарных наук. Выпуск №3, - Ош, 2001. – С.197-201.

2. Тумонбаева Г. Б. Внутрисемейные отношения - как воспитательный фактор духовной и нравственной культуры личности [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // «Культура наследие и инновации»: Материалы региональной научно-практической конференции Ош ГУ. - Ош, 2001 -С. 297-201.

3. Тумонбаева Г. Б. Социальные проблемы общества и их значение в процессе стабилизации внутрисемейных отношений [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Материалы научно-практической конференции, посвященной 10-летию Ош ГУ. – Ош, 2001. - С. 120-125.

4.Тумонбаева Г. Б. Проблемы отцовства в современной семье [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Материалы научно-практической конференции, посвященной 10-летию Ош ГУ. – Ош, 2001. - С.255-260.

5. Тумонбаева Г. Б. Социологические проблемы города Ош в условиях рынка [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // «Тюрко-согдийский синтез и развитие проблемы культурного наследия»: Тезисы докладов Международной научной конференции студентов и молодых ученых. Ош КУУ. - Ош, 2004. - С.151-152

6. Тумонбаева Г. Б. Безработица и бедность - как основные источники социальных проблем в Кыргызстане [Текст] / Г. Б. Тумонбаева //«Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций» посвященной к 2200 летию Кыргызской государственности: Материалы 3-ей Международной научной конференции. - Ош, 2003. - С. 69-73.

7.Тумонбаева Г. Б. К вопросу о необходимости введения в ВУЗы «Социальной феминологии» [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Межрегиональной научно-теоретической

конференции посвященной 2200 - летию Кыргызской государственности. Сборник научных трудов Выпуск-3.Ош КУУ. - Ош, 2003. - С. 348-352.
8. Тумонбаева Г. Б. Изменения в социальном статусе женщин и их влияние на ее роль в семье [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // «Актуальные проблемы социогуманитарного знания»: Сборник научных трудов. Выпуск – 36. МПГУ, - Москва, 2006. - С. 261-265.
9. Тумонбаева Г. Б. Структура и функции современной городской семьи. (на примере Кыргызстана) [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // «Актуальные проблемы социогуманитарного знания»: Сборник научных трудов. Выпуск- 36, МПГУ, - Москва, 2006. - С. 256-260.
10. Тумонбаева Г. Б. Город как социокультурное явление и обьект научного изучения [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Международный научный журнал. Выпуск -3 (17). Ош КУУ. - Ош, 2006. - С. 150-154.
11. Тумонбаева Г. Б. Образ отца как детерминанта развития представлений образа будущего супруга у девушек [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Вестник ОшГУ. Выпуск-3. - Ош, 2011 - С. 216-219.
12. Тумонбаева Г. Б. Городская семья: обострение социальных проблем в современных условиях [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Вестник Ош ГУ. - №3-Выпуск 1.- Ош, 2012. -С. 195-198.
13. Тумонбаева Г. Б. Психологические взаимоотношения отцов и матерей. [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Вестник КГУ им. И. Арабаева. - № 4-Б., 2012. - С. 374-376.
14. Тумонбаева Г. Б. Жилье для молодых семей - как актуальная социальная проблема современного кыргызского социума [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Вестник БГУ им. К. Карасаева. - № 2(28).- Б., 2014.- С. 250-252.
15.Тумонбаева Г. Б. Одна из социальных проблем современных городов Кыргызстана - детский алкоголизм [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Вестник НГУ имени С. Нааматова. - №4. - Нарын, 2016. - С.55-57.
16. Тумонбаева Г. Б. Воздействие социальных факторов на разводимость в современных городских семьях Кыргызстана [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // «Научные исследования: от теории к практике»: X Международная научно - практическая конференция. Том 1 Россия. Чувашская республика г. Чебоксары.2016. - С. 254-258.
17. Тумонбаева Г. Б. Изменение семейных отношений в процессе перехода к рыночному укладу жизни в Кыргызстане [Текст] / Г. Б. Тумонбаева // Интерактивная наука. Ежемесячный международный научный журнал. Россия. Чувашская республика г. Чебоксары, 2016. -. С.110-113.

## РЕЗЮМЕ

**Диссертации Тумонбаевой Гулумкан Байышовны на тему: «Социальные проблемы современной городской семьи (на примере городов юга Кыргызстана: Ош, Джалал-Абад, Кызыл-Кия)» представленной на соискание ученой степени кандидата социологических наук по специальности 22.00.04.- «социальная структура, социальные институты и процессы».**

**Ключевые слова и термины**: урбанизация, социальные проблемы, городская семья, городская цивилизация, рыночный город, миграция, безработица, социализация,

социальные институты, воспитание, инфраструктура, демография, семья, развод, стереотипы, роли, функции

**Объект исследования** горожане от 18 до 45 лет и выше, проживающие в городах Ош, Джалал-Абад, Кызыл-Кия.

**Предмет исследования** социальные проблемы городских семей и пути их решения средствами общегосударственной и региональной социальной и семейной политики.

**Цель исследования -** исследование социальных проблем современной городской семьи в процессе трансформации кыргызстанского общества, обоснование соответствующих выводов и выработка рекомендаций.

**Методологическая основа диссертации** – Специфика предмета исследования диктует потребность в комплексном подходе к изучению**.** Поиск методологии исследования городской семьи как социального института осуществлялся по двум основным направлениям. Во - первых, необходимо было совместить и по возможности синтезировать микросоциологический (семьи как один из институциональных элементов социальной структуры) подходы к анализу изучаемого феномена. Во-вторых, комплексный характер самого объекта исследования обусловил необходимость применения междисциплинарной методологии в анализе семьи, что потребовало привлечения использования не только собственно социологический, но и демографический, исторический, социально-психологический, медицинский, экономический информации.

**Научная новизна исследования**

- с социологических позиций автором определены основные трактовки категорий «городской образ жизни», «качество жизни», «стиль жизни» применительно к городу и городской семье.
- обоснованы концептуальные подходы к анализу института семьи города в контексте происходящих общественных изменений;
- раскрыта социальная обусловленность формирования и осуществления семейных отношений, показана противоречивая роль государства в воспроизводстве семьи как института и подсистемы общества;
- определены сущностные характеристики города как поселенческой структуры в системе социальной структуры кыргызстанского общества;
- определена специфика кризиса современной городской семьи в период трансформации общества и выявлены наиболее общие направления ее функционирования;
- определены основные тенденции развития семьи на современном этапе развития кыргызстанского общества, предложен ряд практических мер по преодолению наблюдаемых кризисных явлений.

**Практическая значимость полученных результатов** Результаты проведенного исследования, могут быть использованы в планировании семьи; в составлении демографического прогноза; в разработке программ спецкурсов по гендерной политике по проблемам семьи и семейных взаимоотношений; в преподавании социологии, социологии семьи, социальной психологии, государственного и муниципального управления, демографии, педагогики в высших учебных заведениях, а также в системе школьного образования и практике социальной работы.

**Түмөнбаева Гүлүмкан Байышовнанын “Заманбап шаардык үй-бүлөнүн социалдык көйгөйлөрү (түштүк Кыргызстандын: Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя шаарларынын мисалында)” аттуу 22.00.04 – “социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер” адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Маанилүү сөздөр:** урбанизация, социалдык көйгөйлөр, шаардык **үй**-б**ү**лө, шаардык цивилизация, рынок мамилериндеги шаар, миграция, жумушсуздук, социалдашуу, социалдык институт, тарбия, инфраструктура, демография, **үй**-б**ү**лө, ажырашуу, стереотиптер, ролдор, функциялар.
**Изилдөөнүн обьектиси:** Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя шаарларында жашаган 18-45 жана андан да жогору жаштагы шаардын жашоочулары.
**Изилдөөнүн предмети:** шаарлар жана шаардык үй-бүлөлөрдүн социалдык көйгөйлөрүн жалпы мамлекеттик жана регионалдык үй-бүлөлүк саясаттын каражаттары менен чечүүнүн жолдору.
**Изилдөөнүн максаты:**. Азыркы шаардык үй-бүлөнүн социалдык көйгөйлөрүн кыргыз коомунун трансформация процессинде изилдөө, ылайыктуу жыйынтыктарды негиздөө, сунуштарды иштеп чыгуу.
**Изилдөөнүн усулдары:** изилдөө предметинин спецификасы комплекст**үү** изилдөө зарылдыгында турат. Шаардык **үй**-б**ү**лөн**ү** социалдык институт катары изилдөө ыкмасы эки тармактуу каралат. Биринчиден, **үй**-б**ү**лөн**ү** микросоциологиялык(үй-бүлө социалдык структуранын институционалдык элементи) феномен катары синтездөө. Экинчиден, **үй**-б**ү**лөн**ү** социологиялык гана эмес, демографиялык, тарыхый, социалдык-психологиялык,демографиялык, медициналык жана экономикалык маалыматтардын негизинде комплекст**үү** анализдөө
**Илимий жаңылыгы:**
- шаардык үй-бүлө социологиялык позицияда “шаардык турмуш кебетеси”, “жашоо сапаты”, “жашоо стили” категорияларынын негизинде анализге алынып, аныкталгандыгы;
- шаар үй-бүлөсү институтунун талдоосунда болуп жаткан коомдук өзгөрүүлөр контекстинде концептуалдык мамилелердин негизделгендиги;
- үй-бүлөлүк мамилелердин калыптануусу жана аны ишке ашыруунун социалдык шартталышынын ачып көрсөтүлгөндүгү;
- коомдун институту жана анын кичи тутуму үй-бүлөнү кайта өндүрүүдө мамлекеттин бири-бирине карама-каршы келе турган ролунун көрсөтүлгөндүгү; кыргызстан коомунун социалдык тутумунда байыр алган структура сыяктуу шаардын маңыздык мүнөздөмөсүнүн аныкталгандыгы;
- коомдун трансформация мезгилиндеги азыркы шаардык үй-бүлө кризисинин спецификасы аныкталып, жана анын иштөөсүндө жалпы багыттары ачып көрсөтүлгөндүгү;
- кыргызстан коомунун өнүгүүсүнүн азыркы этабында үй-бүлө өнүгүгүшүнүн негизги тенденциялары аныкталып, байкалган кризистик көрүнүштөрдү жеңип чыгууда бир катар практикалык чаралар сунушталгандыгы.
**Изилдөөнүн практикалык мааниси:**. Изилдөөнүн материалдары үй-бүлөнү пландоодо, илимге таянып демографиялык алдын ала айтууну түзүүдө, гендердик саясат боюнча атайын курстарды, үй-бүлө жана үй-бүлөлүк өз ара мамилелердин программаларын иштеп чыгууда, социология, үй-бүлө социологиясы, социалдык психология, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, жогорку окуу жайларда педагогиканы окутууда, ошондой эле мектеп билим берүүсүндө жана социалдык иштер практикасында пайдаланышы мүмкүн.

## SUMMARY

**the dissertation research of Tumonbayeva Gulumkan Baiyshovna on the theme: "Social problems of modern city family (on the example of the cities of the sothern part of Kyrgyzstan: Osh, Jalal-Abad, Kyzyl-Kia)" on competition of a scientific degree of candidate of sociological sciences, specialty 22.00.04. – social structure, social institutes and processes.**

**Keywords:** urbanization, social problems, city family, city civilization, market city, migration, unemployment, socialization, social institutes, upbringing, infrastructure, demography, family, divorce, stereotypes, roles, functions.

**Research object:** citizens from 18 to 45 ages and above, living in the cities of Osh, Jalal-Abad, Kyzyl-Kia.

**Item:** social problems of city families and ways of their decision by means of nation-wide and regional social and family policy.

**The purpose of research:** a research of social problems of modern city family in the course of transformation of Kyrgyzstan's society, justification of the corresponding conclusions and development of recommendations.

**The methodological basis of the thesis:** Specifics of an object of research dictates the need for an integrated approach for studying. Search of methodology of a research of city family as the social institute was carried out in two main directions. First of all, it was necessary to combine and whenever possible to synthesize microsociological (families as one of institutional elements of social structure) approaches to the analysis of a studied phenomenon. Secondly, the complex character of the object of the research has caused need of application of cross-disciplinary methodology for the analysis of family that has demanded attraction cross-disciplinary methodology in the analysis of family that has demanded attraction of use not only actually sociological, but also demographic, historical, social and psychological, medical, economic information.

**Scientific novelty of the research**

- from sociological positions the author has defined the main interpretations of categories "city way of life", "quality of life", "lifestyle" in relation to the city and city family.
- conceptual approaches to the analysis of the institution of the family of the city in the context of the happening public changes are proved;
- the social conditionality of formation and implementation of the family relations are disclosed, the contradictory role of the state in reproduction of family as an institute and a subsystem of society are shown;
- Intrinsic characteristics of the city as settlement structure in the system of social structure of Kyrgyzstan society are defined;
- the specifics of crisis of modern city family during transformation of society are defined and the most general directions of her functioning are revealed;
- the main tendencies of development of family at the present stage of development of Kyrgyzstan society are defined, a number of practical measures for overcoming the observed crisis phenomena is offered.

**Aplication area.** Terms and conclusions of the study can be used in family planning in compiling a demographic forecast in developing special courses on gender policy, family and family relationships, teaching sociology, family sociology, social psychology, state and municipal government, demography, pedagogy in higher education institutions as well as in the system of school education and the practice of social work.